**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**С.НААМАТОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН**
**К. МАМБЕТАКУНОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН ПЕДАГОГИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИ**

**«Бекитемин»**
К. Мамбетакунов атындагы
Нарын педагогикалык колледжинин
педагогикалык кеңешменин төрагасы
____________К.Ш. Султаналиев
«23» ноябрь 20 17 ж. Протокол № 5

## Нарын педагогикалык колледжинин студенттеринин кесиптик жана өндүрүштүк практикасы жөнүндө

## ЖОБОСУ

### I. Жалпы жоболор

1.1. Нарын педагогикалык колледжинде (мындан ары Колледж) студенттеринин кесиптик жана өндүрүштүк практикасы кесиптик орто билим берүүчү окуу программасынын ажырагы курамдык бөлүгү болуп саналат.

1.2. Колледжде кесиптик жана өндүрүштүк практика студенттердин теориялык окутуу процессинде алган билимин бышыктоо жана тереңдетүү, зарыл ыкмаларды алуу, окуп жаткан адистик боюнча практикалык иштердин тажрыйбасын үйрөтүүнү максатында жүргүзүлөт.

1.3. Колледжде ар бир адистиктер боюнча студенттердин кесиптик жана өндүрүштүк практикасын өткөрүү боюнча усулдук рекомендациялар, даярдоочу профилдерди эске алуу менен түзүлөт.

### II. Кесиптик жана өндүрүштүк практиканын этаптары

2.1. Колледждеги студенттердин практикаларынын түрлөрү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 3-февралындагы № 53 "Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку жана орто билим берүүчү уюмдарынын

иш-аракеттерин жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актыларын бекитүү жөнүндө" токтому, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 4-июлу № 470 «Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү уюмдарынын ишин жөнгө салуучу актыларды бекитүү жөнүндө» жана Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүнүн билим берүүчү уюмдары жөнүндөгү жобо менен аныкталган.

2.2. Колледжде студенттерди баштапкы кесиптик үйрөтүү, кесиптик ишмердүүлү боюнча көндүмдөрүн калыптандыруу, жалпы кесиптик жана атайын кесиптик сабактар боюнча терендетип даярдоо, аларды тандаган адистиги боюнча такшалтуу жана өз кесибине практикалык жактан даярдоо окуу практикасынын милдети болуп саналат.

2.2. Колледжде студенттерди адистиктери боюнча өндүрүштүк практикадан өткөрүү – аларды атайын кесиптик сабактарды өздөштүрүүдөн алган билимдерин системалаштыруу менен кеңейтүүгө жана тереңдетип бекемдөөгө, адистигине тийешелүү болгон конкреттүү уюмдун иш жүргүзүүсүн үйрөтүү аркылуу баштапкы практикалык тажрыйбага ээ кылууга багытталат.

2.3. Колледжде студенттердин диплом алдындагы практикасы, студенттер үчүн окуунун аяктоочу этабы болот жана алардын баштапкы кесиптик тажрыйбаны алуусуна карата өткөрүлөт, ошондой эле болочок кесип ээсиңин кесиптик даярдыгын текшерүүгө жана бүтүрүүчүнүн курстук ишке материал топтоосуна пайдаланылат.

## III. Кесиптик жана өндүрүштүк практиканын милдеттери

3.1 Мектептин, бала-бакчанын жана мекеме-ишкананын теориялык билимдерин практикада колдонуу менен өздөштүрүү.

3.2 Балдардын билим алуу, тарбия жана өнүгүүдөгү жетишкен деңгээлин баалоо жана анализдөөнүн негизинде бүтүндөй педагогикалык процессти долбоорлоо, пландоо жана жүзөгө ашыруу.

3.3 Өзүнүн келечектеги кесибинин социалдык мааниси менен манызын түшүнүү.

3.4 Кесиптик милдеттерин чечүү ыкмаларын аныктоо, анын таасирдүүлүгү менен сапатын баалоо жана өз ишмердигин уюштуруу.

3.5 Билим берүү процессинин сапаты үчүн тагылган жоопкерчиликти өзүнө алуу жана бет алган максатынын жүйөөсүн көрсөтүү, аларга көзөмөл жүргүзүү жана окуу, тарбия, жетекчилик кылуу ишин уюштуруу.

3.6 Стандарттуу жана стандарттуу эмес кырдаалдардагы көйгөйлөрдү чечүү, жоопкерчилик тартуу менен демилге көтөрүү.

## IV. Кесиптик жана өндүрүштүк практиканы уюштуруу

4.1. Кесиптик жана өндүрүштүк практиканын уюштурулушу бардык этаптарында төмөнкүлөргө карата багытталат:

- ээ боло турган адистигине жана берилүүчү квалификациясына туура келген бүтүрүүчүлөрдү даярдоо деңгээлинин минимум мазмунуна жана даярдык деңгээлине карата мамлекеттик талаптардын аткарылышы;
- студенттердин практиканын программасына жараша кесиптик ишти үйрөнүүсүнүн үзгүлтүксүздүгү жана ырааттуулугу.

4.2 Студенттердин диплом алдындагы өндүрүштүк, кесиптик практикасы, эреже катары, кесиптик орто окуу жай менен мекеменин ортосунда түзүлүүчү келишимдин негизинде, уюштуруу-укуктук формасы ар түрдүү уюмдарда (мектеп, бала бакча ж.б.) өткөрүлөт.

Эгерде иш практиканын программасынын талабына туура келсе, студенттер бош кызмат орунга кызматка алынышы мүмкүн.

4.3 Кесиптик жана өндүрүштүк практиканы өткөрүү мөөнөтү студенттердин теориялык даярдыгын, окуу-өндүрүш базасынын мүмкүнчүлүгүн, жана практика өтүүчү жердеги уюмда иш орундун болуусун эске алуу менен Колледж аркылуу белгиленет.

4.4 Кесиптик жана өндүрүштүк практика же үзгүлтүксүз цикл түрүндө, ошондой эле теориялык окуу жана практиканын мазмунунун өз ара байланышы камсыз болгон шартта теория менен алмаштырылып, күнүмдүк (жумалык) жол менен ишке ашырылса болот.

4.5 Практиканын базаларын Колледждин администрациясы уюмдар менен алардын уюштуруу-укуктук формасына жана менчигинин формасына карабастан түз байланыштардын негизинде бекитип берет.

4.6 Студенттердин окуу (үйрөнүү) практика мезгилиндеги аткарган өндүрүштүк ишине эмгек акы Кыргыз Республикасынын тийиштүү тармактагы уюмдар үчүн мыйзамдарында каралган тартипте, ошондой эле кесиптик орто окуу жайдын жана менчик формасына карабастан уюмдар менен түзүлгөн келишимине ылайык төлөнөт.

4.7. Практика өтүп жаткан мезгилде студентти практикант катары жумуш ордуна алуу убакытынан баштап аларга Кыргыз Республикасынын эмгек жөнүндө мыйзамдары колдонулат.

4.8. Колледждин студенттери уюмдарда кесиптик жана өндүрүштүк практика өтүп жатканда төмөндөгүлөргө милдеттүү:

- өндүрүштүк (кесиптик) практиканын программасында каралган тапшырмаларды толук аткарууга;

- уюмда колдонулган ички эмгек тартибин сактоого;

- эмгекти коргоо нормаларын жана өрттөн сактануу эрежесин үйрөнүүгө жана катуу сактоого.

4.9. Студенттердин отчет берүү формасын окуу жайы аныктайт.

4.10. Адистиктин профили боюнча практиканы жана диплом алдындагы (квалификациялык же стажировканы) Колледждин практика жетекчилери өткөрүшөт.

4.11. Колледждин практика жетекчилери:

- Колледждин практика бөлүмүнүн жетекчиси менен байланышып жана аны менен бирдикте практика өтүүнүн иш программасын түзүшөт. Ошол эле учурда практика өтүүнүн иш программасын практика өткөрүлүүчү мекеме, уюмдардын жетекчилери же практика өткөрүлүүсүнө жооптуу кызматкерлер менен алдын ала тааныштырып алардын сунуштары боюнча өзгөртүүлөр да киргизилиши мүмкүн;

- жеке тапшырмалардын тематикасын иштеп чыгышат;

- студенттерди практика учурундагы иш ордуна бөлүштүрүүгө же аларды жумуштун түрлөрү боюнча орун алмаштырууга катышат;

- практика убактысында студенттердин туура пайдаланылышын көзөмөлдөшөт;

- студенттердин жеке тапшырмаларды: аткарышына жана дипломдук ишке материал топтоосуна методикалык жардам көрсөтүшөт;

- практиканттардын практиканын программасын аткаруу жыйынтыгын баалашат.

4.12 Уюмдун жетекчиси, анын орун басары же башкы адистердин бири студенттердин практикасына жалпы жетекчилик кылат.